**И.К. АХУНБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МЕДИЦИНАЛЫК АКАДЕМИЯ**
**тең уюштууручу**
**Б. Н. ЕЛЬЦИН атындагы КЫРГЫЗ-РОССИЯ СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

Кутболсун уулу Уланбектин «Урук безинин коштондусундагы кистоздук өзгөрүүлөрдү дарылоодогу тактикалык ыкмалар жана фертилдүүлүктүн бузулушун баалоо» деген темадагы, 14.01.23 — урология адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты даражасын изденүү үчүн баштапкы изилдөө материалдарына жасалган

**ТЕКШЕРҮҮ АКТЫ**

И.К Ахунбаев атындагы КММАнын жана Б.Н Ельцин атындагы КРСУнун диссертациялык кеңешинин Д 14.23.678, 14.01.23 — урология адистиги боюнча медицина илимдеринин доктору (кандидаты) даражасын алуу үчүн дисссертацияларды коргоо боюнча эксперттик комиссиянын курамы:

| | |
|---|---|
| медицина илимдеринин доктору | Муканбаев Касымбек Муканбаевич |
| медицина илимдеринин кандидаты | Колесниченко Ирина Владимировна |
| медицина илимдеринин кандидаты | Султаналиев Мирлан Кадырбекович. |

Кутболсун уулу Уланбектин «Урук безинин коштондусундагы кистоздук өзгөрүүлөрдү дарылоодогу тактикалык ыкмалар жана фертилдүүлүктүн бузулушун баалоо» деген темадагы, 14.01.23 — урология адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты даражасын изденүү үчүн баштапкы изилдөө материалдары каралды, илимий иш И.К Ахунбаев атындагы КММАнын М.Т. Тыналиев атындагы дипломго чейинки жана дипломдон кийинки урология жана андрология кафедрасында жүзөгө ашырылган.

Илимий жетекчи — Усупбаев Акылбек Чолпонкулович КР УИА мүчө-корр., КР илимине эмгек сиңирген ишмер, медицина илимдеринин доктору,

**Текшерүү үчүн комиссияга төмөнкү материалдар берилди:** Тематикалык оорулардын каттоо журналы. бейтаптардын тарыхы боюнча карталар 160 даана. **Изилдөөнүн объектиси** - репродуктивдүү курактагы (18-55 жаш) урук безинин коштондусунун кистоздук өзгөрүүлөрү бар эркектер болуп саналат. **Изилдөө иштеринин предмети болуп** - урук безинин коштондусунун кистоздук оорулары менен жабыркашкан бейтаптарды комплекстүү дарылоонун клиникалык натыйжалуулугун салттуу методдор менен салыштырмалуу аспектиде баалоо жана аныктоо.

1. Оорулардын тарыхы боюнча көчүрмөлөр (67 даана).

2. Диссертацинын адепки жазылган кол жазма нускасы, киришүүнү, 4 бөлүмдөн турган өздүк изилдөөлөрдү, жыйынтыктарды, корутундуларды, практикалык сунуштарды, колдонулган адабияттардын тизмесин жана тиркемени камтыйт.
3. Оорулардын тарыхы боюнча түзүлгөн иштөө карталары – жалпысынан 68 даана, USB-флеш картасында сакталган. Картада оорулардын төмөнкү параметрлер боюнча изилдөөнүн натыйжалары камтылган: лаборатордук - инструменталдык изилдөө методдору, анын ичинде: уретрадан алынган мазок микрофлорасы, гормоналдык макамды баалоо, спермограмма анализи, кандын сывороткасында жана урук безинин кисталарындагы курамындагы аныкталган сезгенүү маркерлери (IL-6 жана TNF-α), ошондой эле ультрадобуштук изилдөө жана магниттик резонанстуу томография.
4. Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган илимий эмгектердин тизмеси, алардын оригиналдары жана көчүрмөлөрү, адабият булактары окумуштуу катчысы тарабынан күбөлөндүрүлгөн.
5. Амбулатордук карталар, илимий талдоо картасы жана изилденген оорулуулардын каттоо журналы топторго бөлүнүп, бири-бирине дал келүүдө.
6. Диссертацияда статистикалык эсептөөлөрдүн методикасы текшерилген. Орточо сандарды эсептөө, маалыматтардын таралышы жана статистикалык ишенимдүүлүк методикалары туура чагылдырылган. Изилдөө методдору жана алардын ишенимдүүлүгү текшерилген.
7. Автореферattын адепки жазылган кол жазма нускасы орус жана кыргыз тилдеринде, практикалык сунуштардын, резюменин орус, англис жана кыргыз тилдеринде ишенимдүүлүгү текшерилген.
8. Диссертациялык иш компьютердик тексттин негизинде жазылган 150 беттен турат жана илимий иш төмөнкүдөй 4 бөлүмдөн турат: адабияттар боюнча сереп, изилдөө иштеринин методологиясы жана методдору, 2 бөлүмдөн турган өздүк изилдөөлөрдүн жыйыныктары, корутунду, практикалык сунуштар жана колдонулган тиркемелердин жана адабияттар тизмесинен турат, текст кыргыз тилинде берилген: 33 сүрөттү жана 25 таблицаны камтыйт
9. Библиография өзүнө 99 ата мекендик жана жакынкы чет өлкөлүк, ошондой эле 161 алыскы чет өлкөлүк илимий булактарды камтыйт. Диссертациялық изилдөөнүн материалдары боюнча 7 илимий макала жарыяланган. Медициналык илимдердин кандидаты даражасын алуу үчүн талап кылынган 100 баллдан, РИНЦ системасындагы басылмалар боюнча 164 балл чогулгандыктан, 31.03.16-ж. № 219 ССМнин буйругуна ылайык, КР УАК Президиумунун 24.12.2015-ж. № 296 токтомунун негизинде «Илимий эмгектердин натыйжаларын баалоо үчүн кошумча критерийлер (баллдарда)», илимий цитаталардын индекс системасы боюнча баллдар эсептелген. РИНЦ журналдарында 4 макала жарыяланган. Кыргыз Республикасынын 2020-жылдын 29-майындагы №2204 Урук безинин коштондусунун ыйлаакчасын айкалыштырып дарылоо ыкмасы ойлоп табууга 1 патент алынган. (№ 2204,

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик патенттер реестринде 2020-жылдын 29-майында катталган), Кыргызпатент тарабынан берилген.

10. Негизги маселелер баяндалды:

Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо. Диссертациянын материалдары КММАнын 80 жылдыгына арналган «КММАнын илим күндөрүндө» жарыяланды (Бишкек, Кыргызстан, 2019); IV Эл аралык Ысык-Көл урологдорунун форумунда жана түрк тилдүү өлкөлөрдүн мектебинде (Ысык-Көл, Кыргызстан, 2023); II Евразиялык урологдор конгрессинде (Уфа, Россия Федерациясы, 2023); Ош мамлекеттик университетинин 85 жылдыгына арналган Эл аралык «Жаңы чакырыктар шартындагы заманбап практикалык медицинанын актуалдуу көйгөйлөрү: билим берүүдөгү жана практикадагы инновациялык технологиялар» (Ош, Кыргызстан, 2024); Кыргыз Республикасынын урологдор жана андрологдор ассоциациясынын 60 жылдыгына жана КР ССМнин Улуттук госпиталдын Илимий урология борборунун 20 жылдыгына арналган «Урологиядагы актуалдуу маселелер» Республикалык илимий-практикалык конференцияда (Бишкек, Кыргызстан, 2024).

Диссертациялык иштин жыйынтыктары КР ССМнин алдындагы Улуттук госпиталдын Республикалык илимий урология борборунун түзүмдүк бөлүмдөрүндөгү адистердин клиникалык практикасына колдонууга киргизилди (2020-жылдын 01-октябрындагы №20-390 Колдонууга берүү актысы).

**Комиссия** документтерди жүргүзүү сапатын баалоо жүргүздү. Изилдөөнүн баштапкы материалдарды статистикалык таблицадагы маалыматтар менен, ошондой эле диссертация текстинде берилген натыйжалар менен тандалма түрдө салыштыруу жасалды.

**Жыйынтык:** Комиссия, берилген материалдар менен таанышып, баштапкы материалдардын диссертацияда берилген маалыматтарга толук ылайкештигин белгилеп, алардын ишенимдүүлүгүн тааныды.

Кандидаттык диссертациянын темасы боюнча патенттик-маалыматтык изилдөө жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн маалымат базаларына таянып, жетиштүү көлөмдө жүргүзүлгөн.

Баштапкы изилдөө материалдарын иликтөөдө, изденүүчү диссертациянын темасы боюнча өз алдынча иш алып барганы дадилденет. Бардык материалдар ишенимдүү, көрсөтүлгөн маалыматтар так жана өзүнүн күчү менен даярдалган. Документтер жакшы абалда. Баштапкы документтердеги маалыматтар изилдөөнүн максаттарына жана маселелерине толук туура келет. Баштапкы документацияны текшерүү боюнча принципиалдуу сын-пикирлер жок.

Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча комиссия Кутболсун уулу Уланбектин «Урук безинин коштондусундагы кистоздук өзгөрүүлөрдү дарылоодогу тактикалык ыкмалар жана фертилдүүлүктүн бузулушун баалоо» деген темадагы

диссертациялык ишинин баштапкы материалдарынын ишенимдүүлүгүн жана автордун жеке салымын тастыктады. Берилген баштапкы документтер «Диссертациялардын баштапкы документациясын текшерүү комиссиясынын жобосу» жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын талаптарына толук ылайыктуу.

медицина илимдеринин доктору Муканбаев Касымбек Муканбаевич

медицина илимдеринин кандидаты Колесниченко Ирина Владимировна

медицина илимдеринин кандидаты Султаналиев Мирлан Кадырбекович.

Эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнүн колун ырастайм:
Диссертациялык кеңештин Д. 14.23.678
окумуштуу катчысы м.и.к Өскөн уулу Айбек

Общий отдел
Кыргызская государственная медицинская академия имени И. К. Ахунбаева

Подпись Өскөн уулу Айбек заверяю
зав. общим отделом
И.К. АХУНБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МЕДИЦИНАЛЫК АКАДЕМИЯСЫ
КЫРГЫЗСКАЯ ГОСУДАРСТВЕННАЯ МЕДИЦИНСКАЯ АКАДЕМИЯ ИМ. И.К. АХУНБАЕВА
10.01.2021.